**«БЕКИТЕМИН»**
**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илим, эл аралык коммуникациялар жана инновация боюнча проректору, п.и.д., доцент. А.К.Чалданбаева**
______________________

**« 30 » октябрь 2024-ж.**

И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын отурумунун

**№3 ПРОТОКОЛУ**

Бишкек ш. 30.10.2024 -жыл

**Күн тартиби:**

И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын изденүүчүсү Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын **"Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү"** деген темада 13.00.02 **окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин талкуулоо.

**Катышкандар:**

1. Эгембердиева А.А. – ф.и.д., профессор 10.01.01 – кыргыз адабияты
2. Дюшембиева А.О. - ф.и.к., профессордун м.а. 10.01.01
3. Сыдыкова Р.- ф.и.к., профессордун м.а 10.01.01
4. Жумаева Г.З.- ф.и.к., доцент 10.01.01
5. Каныбекова А. – ф.и.к., доцент, 10.01.01. – кыргыз адабияты

6. Байгазиев М.К. - ф.и.к., доценттин м.а.10.01.01

7. Солтобаева К.Б. - ф.и.к., доценттин м.а. 10.01.01.

8. Устабаева Г.К. - ф.и.к., доценттин м.а.10.01.01.

9. Төлөкова Э. - ф.и.к., доценттин м.а.10.01.01.

10. Егимбаева С.К. – ф.и.к.доценттин м.а.10.01.01

11. Мокеева А.– ф.и.к. доценттин м.а.10.01.01

12. Сокурова Ж. – ага окутуучу

**УГУЛДУ: Төрайым, ф.и.д. профессор Эгембердиева А.А:** Саламатсыздарбы, урматтуу бүгүнкү чогулуштун катышуучулары. Бүгүн негизги бир гана маселе бар. Ал – Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын **“Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү”** деген темада -13.00.02 окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин талкуулоо. Кафедра мүчөлөрү толук катышып жатышат, кворум бар. Күн тартиби боюнча кандай сунуш-пикирлер бар?

**Отурумдун катышуучулары**: Сунуштар жок. Күн тартиби бекитилсин.

**Эгембердиева А.А.:** Анда ишке өтөлү. Аталган диссертациянын темасы 1996-жылы биздин кафедрада бекитилген. Бирок кийин темасына өзгөрүү киргендигине байланыштуу 2023-жылы кайрадан бекитилди. Илимий иштин жетекчиси – филология илиминин доктору, профессор Байгазиев Советбек Орозканович. Иштин бүткөндүгү тууралуу ал кишинин жазуу түрүндөгү сунушу бар. Иш менен кенен таанышканга сиздерде мүмкүнчүлүк болду. Себеби бир ай мурда колуңуздарга тийген. Анда эмесе алгач иштин мазмуну менен тааныштыруу үчүн сөздү диссертант Курманкан Абдрасуловнага берсек. Регламентти тактап алсак, 15 мүнөт берсек жетиштүү болот го дейм.

**Диссертант К.А.Абдиева:** Саламатсыздарбы урматтуу төрайым жана отурумдун катышуучулары! Мен ишимдин негизги мазмуну менен Сиздерди тааныштырып кетсем.

Кыргыз адабиятында элдик эпостор, айрыкча “Манас” эпосу окуучулардын кебин өстүрүүдө зор мааниге ээ боло тургандыгы белгилүү. Азыркы ааламдашуу доорунда улуттук баалуулук камтылган кыргыз тилинин байлыгын эпостун мазмуну аркылуу өздөштүргөн, каармандары аркылуу улуттук маданиятты өзүнө сиңирген мекенчил атуулду “Манас” эпосун мектепте окутуп тарбиялоо аркылуу калыптандыра алабыз. Биздин эмгек окуучулардын эне тилинде оозеки кебин өстүрүүгө, көркөм сөздүн казынасы болгон «Манас» эпосунун негизинде эркин сүйлөөгө, пикир алышууга арналганы менен **актуалдуу** деп эсептейбиз. Биз окуучулар менен эпостун тилин талдап өздөштүрүү, текст менен ар кандай жигердүүү технологиялар аркылуу иш жүргүзүүнүн натыйжасында диалогдук, монологдук кептин түрлөрүн калыптандыра алабыз деп көрсөттүк .Эпостун көп пландуу мазмунун улуттук искусство, класстан тышкаркы иштердин формалары менен интеграциялоо аркылуу кептин продуктивдүү деңгээлине жетишсе болот деген ойдобуз. Ушул максатта биздин изилдөөбүз **“Манас” эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү”** деп аталып, мектепте улуу эпостун материалында оозеки кеп өстүрүү методдорун сунуштоо, теориялык жактан негиздөө, практикалык жактан далилдөө **максатын** койдук. **Бул максатта биз бир нече милдеттерди** аткарууга аракет жасадык.

**Биринчи милдет** кеп өстүрүү маселесинин илимий – методикалык жактан иштеп чыккан дүйнөлүк, айрыкча, орус окумуштуу – психолингвисттери, педагогдору жана адабиятчыларынын, кыргыз окумуштуу – методисттеринин эмгектеринде тарыхый эволюциялык аспектиде берилишин талдоо аркылуу, азыркы учурдагы кеп өстүрүү проблемаларын, милдеттерин аныктоого аракет жасадык. Бул маселенин окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши, мугалимдердин практикасындагы оозеки кепти өстүрүүдөгү жетишкендиктери жана кемчиликтери талдоого алынды. Улуу эпостун негизинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүүнү сабак процессинде көркөм текстке таянуу менен кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн жана типтерин комплекстүү кароо, тилдик –

коммуникативдик ишмердүүлүгүн эпоско байланыштуу жаралган искусство чыгармалары, класстан сырткары иштер менен интеграциялап өнүктүрүүнү эске алдык.

**Экинчи милдет** эпосту окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүүнүн методологиялык жана дидактикалык негиздерин ачып көрсөтүү, кеп түшүнүгүн тил, адабият илиминин айкалышында педагогикалык аспектиден теориялык анализ жүргүзүү маселеси коюлган. Анткени жаш муундардын өз ойлорун сабаттуу, көркөм айта билүүсү ар дайым ошол коомдун өнүгүү деңгээлин , маданиятынын көрсөткүчү болуп келген. Ушундан улам оозеки жана жазуу кебин өстүрүүнүн илимий –теориялык, методикалык жана практикалык жагдайлары окумуштуулар *Т.А.Ладыженская, С.А.Леонов, Н.В.Колокольцев, В.Я.Коровина, К.В.Мальцева, В.Г.Маранцман, О.Ю.Богданованын* эмгектеринде изилденгенин көрсөттүк. Ал эми кыргыз тили жана адабиятын окутуу методикасы илиминде кеп өстүрүүнү атайын изилдөө объектисине айландырып, тил үйрөөнүүнү коммуникативдик негизде алып барууну жактаган бир топ изилдөөчүлөрдүн эмгектери *( К.С.Сартбаев, Ж.А.Чыманов, А.М.Эшиев, С.Сакиева, С.К.Рысбаев, А.О.Жолдошева)* жана “Манас” эпосун, кенже эпосторду окутууга арналган окумуштуу – методисттердин изилдөөлөрү кеп өстүрүү темасына байланыштуу *(С.О.Байгазиев, Д.Саалиева, Б.Оторбаев, Г.Абдыкадырова)* талданды, жаңычыл мугалим – *методист Б. Исаковдун жана башка алдыңкы мугалимдердин иш* тажрыйбалары жыйынтыкталды.

**Үчүнчү милдет** “Манас” эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кеп өстүрүүнүн методикалык ыкмаларын сунуштоо болгон. Ушул максатта окуучуга көркөм сөздүн маанисин терең ачып берүүчү сөздүк иштерин оозеки кептин түрлөрү менен айкалыштырып жүргүзүү ыкмаларын, түшүнүксүз сөздөрдү баланын активдүү лексикасына сөздүк оюндар аркылуу киргизүү жолдорун сунуштадык. Көркөм тексттин маанисин искусство чыгармалары аркылуу уктуруп, көрсөтүп эмоционалдык деңгээлде кабыл

алуусун активдештирип, ой жүгүртүү деңгээлин жогорулатууга боло тургандыгын чыгармачыл суроо – тапшырмалар , окутуунун жигердүү ыкмалары аркылуу көрсөттүк. Эпостун идеялык мазмунун жыйынтыктоочу этапта интерактивдүү методдун синтездөөчү ыкмаларын (*Инсерт, Зигзаг, тыным менен окуу, синквейн , кластер, Тсхемасын түзүү, алты калпак менен жыйынтыктоо)*, практикалык көндүмдөрүн калыптандыруучу *долбоор* ыкмасын колдонуу жана сабактан сырткары иштердин формалары (*адабий кече, викторина, манас айтуу сынагы*) менен айкалыштыруу окуучунун оозеки кебинин продуктивдүү, креативдүү формаларын калыптандыра алат деп белгиленди.

**Төртүнчү милдет** “Манас” эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү боюнча сунушталган ыкмаларды, технологияларды педагогикалык экспериментте текшерүү болгон. Аталган милдетке ылайык биз сунуштаган технологиялар жана ыкмалар эксперименталдык мектептерде атайын сынактан өткөрүлдү, анын натыйжалары биз сунуштаган методика оптималдуу экендигин көрсөттү деп ойлойбуз.

**Илимий изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу төмөнкүлөр менен аныкталат:** окуучулардын оозеки кебин “Манас” эпосунун негизинде өнүктүрүүнүн теориялык – методикалык негиздери психолингвистиканын, педагогиканын жана адабият таануунун негиздерине таянып иштелип чыкты; эпостун 8 – класста окутуу тарыхы , азыркы учурдагы окутуу практикасындагы кепти өстүрүү иштеринин ийгиликтери, көйгөйлөрү , эпостун негизинде оозеки кепти өнүктүрүүнүн максат – милдеттери атайын максатта талдоого алынды; эпосту окутуу менен окуучулардын кебин өстүрүү маселесинин окуу программаларында, окуу китептеринде жана окумуштуу – методисттердин эмгектеринде берилиши талданып жыйынтык чыгарылды; оозеки кептин сөздүк иштери, искусство чыгармалары менен интеграциялап окутуу жана сабактын этаптарында, сабактын сырткары формаларында инновациялык технологияларды, баланын жекече чыгармачылыгын өнүктүрүү менен айкалыштырып окутуу

методикасы педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** кыргыз адабиятын окутуунун стандартына, программалык талаптарына ылайык эпосту окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүүчү практикалык сунуштар берилип, “Манас” эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү” темасында мугалимдер үчүн методикалык колдонмо жана методикалык иштелме түзүлүп, бир нече жылдан бери педагогикалык практикада колдонулуп келе жатат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Улуу эпостун сөз байлыгын ачып берүүгө, окуучулардын кептик корун байытууда сөздүк иштеринин ырааттуу, ар түрдүү мазмунда жана формада сөз оюндары, сөздүк таблицалары менен коштолуп жүргүзүлүшү

2.Эпостун мазмуну боюнча жаратылган искусство чыгармаларын сабактын этаптарына ылайык интеграциялап колдонуу менен окуучунун элестүү ой жүгүртүүсүн активдештирип, оозеки кептин түрлөрүн байытууга шарт түзүлүшү

3.”Манас” эпосунун тексти менен иштөөнүн бардык этаптарында окуучулардын оозеки кебин өстүрүү иштерин тилдик коммуникативдик принципке ылайык, текстке таянуу менен окутуунун жаңы технологияларын колдонуу аркылуу жүргүзүлүшү

4. Эпос боюнча өткөрүлүүчү класстан тышкаркы иштердин формаларын окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн, адабий чыгармачылык ишмердүүлүгүн практикалык багытта өстүрүүгө багытталышы

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Эмгектин жалпы бети – 178, адабияттардын тизмеси – 167, таблицалар -21, сүрөттөр – 4, тиркеме – 41б. Иштин **негизги мазмуну** ушул түзүмдө камтылган. Иштин корутундусунда жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы, практикалык сунуштар берилген. Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат.

**Эгембердиева А.А:** Анда эмесе суроо-жоопторго өтсөк.

**Байгазиев М.К**: Эпикалык чыгармаларды, айрыкча ”Манас” эпосундагы көркөм сөз каражаттарды кеп өстүрүү ишинде кандай пайдаландыңыз?

**Диссертант Абдиева К.А:** Көркөм сөз каражаттары “Манас” эпосунда жыш, ар түрдүү катмарда кездешкени менен чыгарманын көркөмдүк-идеялык мазмуну жогорулайт. Ошондуктан эпостогу түшүнүксүз сөздөр менен сөздүк иштерин жүргүзүү менен катар элестүү сөздөрдүн же *көркөм сөз каражаттарынын* берген маанилерине да кеңири токтолуп өтүү зарыл. Окуучуларга алардын көркөмдүк таасирдүүлүгүн тексттен алынган мисалдар аркылуу сөздүк комментарийлер, сүрөттөр менен мугалим ачып берет. Анткени эпостогу көркөм сөз каражаттары *(эпитет, салыштыруу, метафора, гипербола)* жыш колдонулган бай мазмуну менен айырмаланып, баланын көркөм табитин, кеп чыгармачылыгынын өнүгүшүнө зор таасир берет. Айрыкча гиперболалык сүрөттөөлөр Манастан башка оң каармандарды жана кыргыздардын татыктуу душмандары катары Жолойду, Оронгуну шумдуктуу, өзгөчө кылып көрсөтүүдө кеңири колдонулганын көрөбүз. Жөнөкөй салыштыруудан *метафора* салыштырылган нерсенин экинчи нерсеге өткөн белгисин, касиетин сактап кала тургандыгы менен айырмалана тургандыгын да ажыратып көрсөтүү керек. Айрыкча метафоралардын ичинен жапайы айбанаттарга байланыштуу *арстан, жолборс,шер, көк жал, кабылан, бөрү, ажыдаар* сыяктуу сөздөр көп колдонулуп, кептин экспрессиялуулугун арттырып, каармандын образын көркөмдөп терең ачып берүүгө түрткү берет.

Бул сөздөрдү контекстте колдонуу менен баланын кебинин сапаты жогорулап, так, туура жана көркөм сүйлөөгө машыгат. Сөздүн көркөмдүүлүгүн арттыруу максатында жүргүзүлгөн иштер сабактын ар кандай этаптарында, кептик ишмердүүлүктүн кайра айтып берүү, образдарды талдоо сыяктуу түрлөрүндө көбүрөөк жүргүзүлөт.

**Дюшембиева А.О.:** Иштин акыркы бөлүмү 3-бапта методикалык иштерди абдан мазмундуу берипсиз. Бирок сабакта пайдалануу үчүн ыңгайсыз болуп калган? Эмнеге ушундай структурада бердиңиз?

**Диссертант Абдиева К.А:** Иштин структурасы талап кылынган нормага ылайык методикалык материалдарды ырааттуу жайгаштырууга аракет жасадык. Алгачкы главада сөздүк иштери, андан кийин искусство чыгармаларын колдонуу кетип жатат, анткени биз сабактын башында сөздүк иштерин жүргүзөбүз, баланын ой -сезимин искусство аркылуу ойготууга, кызыктырууга умтулабыз. Андан кийин текст менен иштеп, чыгарманы класстан сырткары иштер менен жыйынтыктайбыз. Мугалимдер сабакта эпос боюнча оозеки кеп өстүрүү иштерин ыңгайлуу жүргүзүү үчүн илимий ишибиздин негизинде методикалык колдонмо жана иштелмени түзүп, жарыкка чыгарганбыз.

**Сыдыкова Р.:** Сиз кеп өстүрүүнүн абдан көп ыкмаларын сунуштапсыз, көп жылдык тажрыйбаңыз аркылуу ошол ыкмалардын кайсынысы ишке ашат деп ойлойсуз?

**Диссертант Абдиева К.А:** Эгерде мугалим тажрыйбалуу, алдына окуу максаттарын туура коюп, сабакты жогорку деңгээлде уюштура билсе, бардык ыкмаларды ыктуу пайдаланып кете алат. Бирок биз практикада байкагандай, эпос боюнча текст менен иштөө учурунда  оозеки кептин түрлөрүнө жана формаларына  көп маани берилбей келе жатат. Чыгармачыл суроо – тапшырмалар аркылуу сүйлөтүп, бири – бирине суроо түздүрүп изденүү чөйрөсүн түзө билишибиз керек. Ар бир тема боюнча баланын оюн, көз карашын эркин айта билүүсүнө, башкалар менен пикир алышуусуна көңүл бурушубуз зарыл деп ойлоймун.

**Егимбаева С.:** Эпос боюнча жазылган музыкаларды, айрыкча ария, симфонияларды колдонуу ашыкча эмеспи?

**Диссертант Абдиева К.А:** Эпос боюнча жазылган музыкаларды колдонуу ашыкча эмес, анткени эпостун өзү да сөз искусствосу катары образдар аркылуу баланын жан дүйнөсүнө таасир берет. Ал эми искусство, айрыкча музыка методикалык жактан ыктуу пайдаланса, эпикалык зор чыгарманы кабылдоону активдештирет, тездетет. Мисалы, Каныкейдин трагедиялуу тагдыры, образы тууралуу кеп болгондо тематикалык күүлөр,

Айчүрөктүн образына  байланыштуу музыкалык ариялар жана Манас баатырдын образын толуктоочу музыкалык симфониянын кайрыктары сабакты эмоционалдык таасирин күчөтүп, баланын кызыгуусун ойготот деген ойдобуз.

**Байгазиев М.К - ф.и.к., доценттин м.а:** Башка тилдүү мектептеринде эпоско болгон кызыгуулар кандай экен? Сиз өзбек тилдүү мектептерде да эксперимент жүргүздүңүзбү? Аларды эпоско кантип кызыктыруу керек?

**Диссертант Абдиева К.А:** Башка тилдүү мектептерде эксперимент жүргүзгөн жокпуз. Анткени биздин изилдөө максатыбызга ылайык кыргыз мектебиндеги окуучулардын оозеки кебин өстүрүү маселесин карадык. Бирок жекече тажрыйбаны жыйынтыктап, башка тилдүү мектептерде **"Манас" эпосунун тексти менен иштөө аттуу"** аттуу мугалимдер үчүн методикалык иштелмени түзүп чыктык. Эпосту ошол элдин маданияты, тарыхы менен байланыштырып, жеткиликтүү тил менен интерактивдүү, ыкмалар менен өткөрүү аркылуу кызыктырабыз. Республиканын мектептеринде бөтөн тилдүү окуучуларга кыргыздын маданиятынын, эне тилинин байлыгын камтыган эпосту окутуп үйрөтүү иши дагы изилденип, талаптагыдай болот деген ишенимдемин.

**Төлөкова Э.:** Сиздин темаңыз эмнеге оозеки кепти өстүрүүгө гана арналган? Негизи оозеки жана жазуу кеп ажырагыс эмеспи?

**Диссертант Абдиева К.А:** Кептин эки түрүн бириктирген окшоштуктар жана айырмачылыктар бар. Экөө тең кептин түрлөрү болуп саналат. Жазуу кеби оозеки кептин негизинде калыптанат. Оозеки кепке сөздүк , план жазуу менен даярданат. Оозеки кеп баяндама, дилбаян аркылуу жыйынтыкталат. Бири – бирине өтүшүп, толуктап турганын көрөбүз. Ушуну менен бирге методисттер жазуу кебине көбүрөөк көңүл буруп, жат жазуунун түрлөрү, баяндама, дилбаян жазуу боюнча изилдөөлөрүн жарыялап келе жатышат. Ал эми атайын оозеки кепти өстүрүү боюнча илимий эмгектер аз экендигин белгилейбиз. Адабиятты окутуунун программалык талаптарына оозеки кепке атайын билим, билгичтик жана көндүмдөрү боюнча талаптар коюлган. Азыркы

учурда да баланын оозеки кебинин так, туура жана көркөм болушу, башкалар менен оозеки пикир алышуусу актуалдуу тема болуп бара жатат. Бул азыркы заманга зарыл болгон жумшак көндүмдөрдүн сап башында турат. Ошондуктан биз оозеки кептин жазуу кеп менен байланышын , өнүккөн оозеки кеп аркылуу гана сабаттуу жазуу кеби калыптана тургандыгын эске алып оозеки кепти изилдөөнүн объектиси катары алдык.

**Устабаева Г.К.:** Бул иште дүйнөлүк окумуштуу – методисттердин ойлорун, эпикалык чыгарманы окутуу боюнча усулдарын абдан көп берип, талдап чыккан экенсиз. Ал эми сиз чыгарган усул барбы?

**Диссертант Абдиева К.А:** Биздин ишибиздин максаты эпосту окутууда традициялуу жана инновациялуу ыкмалардын кайсынысы, кандай айкалышканда оозеки кепти өстүрүүгө шарт түзө алат деген суроого жооп берүү болду. Бир ыкма менен эле баланын кебин талаптагыдай өнүктүрүп жиберүү мүмкүн эмес деп ойлойбуз. Анткени эпостун негизинде оозеки кепти өстүрүү ыкмалары да системалуу, ар тараптуу иштерди талап кылат. Бул иштердин топтомун биз 3- бапта ачып берүүгө аракет жасадык. Менин жекече тажрыйбамда окуучу үчүн кызыктуу, ой жүгүртүүгө түрткү берген чыгармачыл суроолор жана тапшырмалар, жупта пикир алышуу ,топтордо сүйлөө, презентация жасоо проект иштерине катышуу окуучунун эркин сүйлөө көндүмүнүн калыптанышына көбүрөөк шарт түзүп берет деген ойдомун.

**Төрайым, ф.и.д. профессор Эгембердиева А.А:** Дагы суроолор барбы? Жок болсо, анда талкуунун кийинки бөлүгүнө өтө берели. Бардыгыңыздар диссертация менен таанышып чыккансыздар. Эми иш боюнча айтылуучу пикирлерге кезек берели.

**Жумаева Г.З:** “Манас” эпосуна окуучулардын дүйнө таанымын өстүрүүчү материал катары кайрылуу дайыма актуалдуу. Мен иштин мазмуну боюнча өз оюмду айтайын. Иш мазмундуу жазылган көлөмдүү иш экен. Ошону менен бирге, киришүүдөгү изилдөөнүн максаты, милдеттери 1- бапта кайталанып берилип калган. Илимий изилдөөнүн методдору деп берилип,

кайра эле илимий методдор деп кайталанып калгандай туюлат. Методисттердин ой – пикирлери көп айтылып , абдан удаа -удаа берилген. Бул пикирлерди бири – бири менен байланыштыруу зарыл. Изилдөөнүн теориялык бөлүмү абдан жакшы иштелген, айтпаган окумуштуулар калбаптыр. Ошондой болсо да, Сиз алардын изилдөөлөрүн жалпылоону аларды бир темага бириктирүүнү да көңүлгө алып койсоңуз. Практик мугалим катары көп нерсени иштеп чыгып жазган экенсиз, ошол жакшы деңгээл көрүнүп турат. Корутундуга ошол жасалган, көрсөтүлгөн иштериңиз дагы толук ачылбай калгандай туюлат. Иштин корутундусун да бир карап толуктап коюш керек деген ойдомун. Мазмунунда камтылган нерселер ар бир бапта толук чагылышы зарыл. Негизи эмгек жекече иштелген мазмундуу иш экен. Ошондуктан ушул айтылгандарды эске алып койсо, эмгектин баалуулугу дагы артат деген ойдомун. Эмгекти мен коргоого сунуштай аламын.

**Диссертант Абдиева К.А:** Ракмат, Сиз айткан сунуш – пикирлерди эске алабыз.

**М.К.Байгазиев:** Тема абдан кызыктуу экен, “Манас” эпосунан биз кеп булагы гана эмес, идеялардын булагы, кыргыз коомунун улуттук идеологиясынын негизи деп билебиз. Теориялык булактарды абдан кеңири пайдаланыпсыз,168 адабияттын тизмесин берипсиз, бул сиздин бийик интеллектуалдык деңгээлди аныктап турат. Изилдөөнүн методдору, эксперимент жүргүзүү иштери да жогорку деңгээлде иштелген. Бирок ошону менен бирге жогоруда айтылгандарга кошулам, ал адабияттарга өз пикириңизди кошо бергенди унутпасаңыз. Маселен, 56 -57- беттерде бир топ окумуштууларды атап чыгып, алардын көз карашын талдап чыктым деп эле жыйынтыктап койгон экенсиз. Талдагандан кийин кандай пикирди айтасыз, ушуга көбүрөөк көңүл бөлсөңүз. Изилдөөнүн материалдары деген бөлүмдө мамлекеттик *тил, саясат, жарлыгы* деген сөздөрдү пайдалангансыз. Ошол сөздөр кайра эле 2-3 жерде кайталанып берилип жатат. Мындай сөздөрдү улам кайталай берүүнүн кереги жок деп ойлоймун. Ушуларды эске алуу зарыл. Негизи иш жакшы жазылган, мен бул ишти коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Абдиева К.А:** Ракмат, Сиз айткан сунуш – пикирлерди эске алабыз.

**Егимбаева С.К.:** Көлөмдүү, мазмундуу иш экен, буга чейин изилдөөчүлөр да ушул темага кайрылып келишкен, бирок адабиятты окутуу менен кеп өстүрүүгө атайын илимий диссертация катары жазылганы кубаттай турган көрүнүш. Ошону менен бирге айрым сунуштарды айтып кетейин. “Кептик инсан” деген аныктаманы абдан көп колдонупсуз, анын аныктамасын мен таппай койдум. Орус окумуштууларынын колдонгон терминдерин эле бере бербей башкача атасак болобу? Методика бөлүмүндөгү таблицаларды ар бир иштин формасына мазмунуна жараша иштеп чыгып, жакшы иш жасагансыз, бирок ошол таблицадагы “сөз өнүктүрүүчү” , “сөз өстүрүүчү” деп ар кандай колдоно берген экенсиз. Ошол бир аныктамасын алыш керек деп ойлоймун. Кайсы бир жерлерде техникалык каталар да кетирилген.

Мындай майда кемчиликтерди оңдоп койсо болот деп ойлоймун. Негизи иш көлөмдүү жана мазмундуу экен, өз эмгегиңиздин жыйынтыгы экени көрүнүп турат. Ошондуктан айтылган сунуш – пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Абдиева К.А:** Ракмат Сизге, кептик инсан деген термин окутуунун коммуникативдик принцибине ылайык келген, чыгарманы же текстти түзгөндү, аны кайра чыгармачылык менен өзгөртүү көндүмдөрүнө ээ болгон инсан деп каралат. Биздин изилдөөнүн максатына ылайык методикалык иштердин бардык мазмуну, формасы кептик инсанды калыптандырууга багытталган, ошондуктан бул термин көп кездешип жаткандыгы табигый көрүнүш деп эсептеймин. Ал эми “сөз өнүктүрүүчү” , “сөз өстүрүүчү” деп ар кандай мааниде колдонулушун карап көрөбүз. Ракмат сизге.

**Солтобаева К.Б.:** Мен ушул шрифтеги илимий иштерди көп окуп чыгып, коргоого да катышканмын. Ошондуктан бул иштин методикалык тарабына көбүрөөк көңүл буруу зарыл. Иштин 1-2 баптары абдан тыкан, ар тараптуу иштелген. Кеп өстүрүүнү кимдер , качан изилдеген, кайсы

ыкмалардын жардамы менен кеп өстүрүүгө болот деген суроолорго дыкат жооп бергенсиз. Бирок иштин негизги жеке көрсөткүчү болгон 3-бапта сунушталып жаткан ыкмаларды кайсы учурда колдономун деген суроого жооп таба алган жокмун. Кантип деген суроого абдан мыкты жооп берип, ошол ыкмаларды кайсы учурда беремин деген суроолор ачык бойдон калган. Эгерде чыгарманын киришүү бөлүмүндө, текстти талдоо учурунда, жыйынтыктоо учурунда бул же тигил иш жүргүзүлөт деп санап кетсеңиз, системага салып берсеңиз жакшы болмок. Бул менин жекече көз карашым. Тилдик, башка предметтер менен интеграциялоо деп берсеңиз да туура болобу деп ойлоймун. Сунуштап жаткан ыкмаларыңыз абдан натыйжалуу, кызыктуу экен. Сөз оюндарын сунуштап, аларда өз чыгармачылыгыңыз менен аталыштарын түзүп, сүрөттөрдү жана буюмдарды көрсөтүү менен окутуу ыкмалары абдан жакшы иштелген. Методикалык жактан дагы тактай турган жерлери бар экен, айрым терминдердин кыргызча же орусча которулушун пайдаланыш керек, мен аларды сызып койдум. Бул иш жалпы турушу менен илимий иштин талабына толук туура келген иш деп эсептеймин. Айрым структуралык, техникалык каталарды эске алуу менен аталган илимий ишти коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Абдиева К.А:** Ракмат Сизге, ой – пикир, сунуштарыңыз абдан маанилүү болду. Методикалык ыкмаларды баяндаган 3-бапта мугалимдин окутуу чеберчилигине жараша сөздүк иштерине, сөз оюндарына сабактын башында же ортосунда да кайрылса болот. Негизи бул методикалык ыкмаларды сабактын башталышында өткөрүлөт. Искусство чыгармалары да окуучунун ой сезимин ойготуучу, элестетүү жөндөмүн өстүрүүчү ыкмалар экени белгилүү. Ошондуктан биз бул ыкмаларды 3-баптын 1- 2-бөлүмүнө жайгаштырдык. Ал эми андан ары текст менен талдоо иштери жана жыйынтыктоо сабактары, иштин класстан сырткары формалары берилген. Ар бир бөлүмдө бул иштер менен мугалим сабактын кайсы этабында , кайсы иштердин формалары менен иштей тургандыгын таблица түрүндө тактальп көрсөтүлгөн. Ал эми бул методикалык ыкмаларды биз 2- бапта изилдөөнүн

методдорунда, оозеки кептин үлгүсүн моделдештирүү методунда биз тилдик коммуникативдик, текстке таянуу жана башка предметтер менен интеграциялоо принцибинин негизинде иштеп чыккан методикалык сунуштар экендигин белгилеп, көрсөтүп кеткенбиз. Ракмат Сизге.

**Устабаева Г.К.:** Мен айта турган сөздөрүмдү айтып коюшту окшойт, бирок колдон келишинче эргүү менен иштеген окшойсуз, жакшы иш экен. Биздин каалоо - сунуштарыбызды эске алып койсоңор, иштин баалуулугу дагы артат.

Сиз эмгегиңизде кашага алып эле бир нече окумуштуулардын аттарын берип коюпсуз, чогуу бергениңиз менен алардын эмгектерине шилтеме кетиш керек эле. Сиз оозеки кепти өстүрүүнүн бардык ыкмаларын ишке чегипсиз, сүрөт, музыка, драма жана класстан сырткары иштер бардыгы укмуш айтылган. Мунун баарына кантип жетиштиңиз? Ар бир искусствонун түрүнө мүнөздүү суроолорду түзүү керекпи дейм, суроолордо кайсы бир тапшырмалар да кайталанып калган. Анткени искусствонун түрүнө жараша суроо – тапшырмалар болуш керек. Койгон суроо – тапшырмалар да кызыктуу экен. Термин менен цитаталарды өзүңүз которгон окшойсуз, алардын маанилери кээде түшүнүксүз болуп калган. Негизи биз цитаталарды өз тилинде бериш керек деп ойлойбуз. Пробелдерди карашыңыз керек. Мына ушуларды карап чыксаңыз, эске алсаңыз иштин салмагы артат деп ойлоймун. Иш мазмундуу жазылган, мен коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Абдиева К.А: Ракмат, сунуш – пикирлерди эске алабыз.**

Окумуштуулардын аттарын чогуу берген жерлердин өзүнүн себеби бар. Кайсы бир теорияны бир топ окумуштуулар жактаса, экинчи бир тобу ага карама – каршы ойду айтышат. Иштин башталышында белгиленгендей оозеки кеп өстүрүүгө атайын сааттар бөлүнүш керек, же ал адабият сабагынын жүрүшүндө эле камтылат, саат бөлүштүн зарылчылыгы жок деген көз караштагы окумуштуулар болгон. Биз мына ушундай принципиалдуу көз караштар, илимий позицияларга келгенде бир топ окумуштуулардын аттарын кашага алып чогуу бердик. Суроо – тапшырмаларга келсек, сиз сабактагы

таанып – билүү процесси, баланын искусствону кабыл алуусу , талдап түшүнүп аларды өз кебинде чыгармачылык менен колдонуусу бирдей эле этаптарда жүрөт. Бул жагынан искусствонун кайсы түрү болбосун бири - бирине окшош деп ойлоймун. Цитаталарды өз тилинде берүү тууралуу, пробелдерди сактоо боюнча карап көрөбүз. Сиздер кайсы бетте , кайсы тапшырма же цитатадан экендигин конкреттүү көрсөтсөңүз жакшы болмок. Техникалык каталарды дагы оңдоп чыгабыз. Сунуш – пикириңиз үчүн ракмат.

**Мокеева А.:** Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын “Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү” деген диссертациясы келип түшкөн экен. “Манас” эпосунун негизинде окуучулардын кебин өстүрүү темасы дайыма актуалдуу болуп кала берет. Ошондуктан мындай изилдөөлөр бүгүнкү күндө абдан зарыл. Сиздин жетекчиңиз Советбек Орозкановичти биз адабиятты окутуучулар эпостун идеясын кыргыз коомчулугуна жеткирүүгө зор эмгек сиңирген окумуштуу катары билебиз. Сизди ошол кишинин эмгегинде берилген идеяларды мектепте, жаш муундарга жайылтуучу катары эсептейбиз. Бул эмгек актуалдуу, мазмундуу жакшы жазылган , жогоруда айтылган сунуштарды эске алып, техникалык каталарды оңдоп чыкса, коргоого даяр эмгек экен. Мен бул диссертацияны коргоого сунуштаймын.

Сизге ийгилик каалаймын!

**Каныбекова А.:** Бул эмгекти мен дагы жакшылап карап чыктым. Илимий иштин талаптарына жооп берген мазмундуу иш деп эсептеймин. Структурасы да бир системага салынган. Методикалык ыкмаларды берген 3-бапты мен эң мазмундуу, көп кырдуу жана кызыктуу бөлүм деп ойлоймун. Анткени бул бөлүмдө көп катмарлуу эпостун сөз байлыгын, ой сезимдердин тереңдигин балага кантип жеткирүүнүн ыкмалары ар тараптуу иштелип чыккан. Мындагы методикалык инструменттер ар түрдүүлүгү жана ырааттуулугу менен айырмаланат, окуучуну кепке тартуу үчүн бардык каражаттар пайдаланылган, көркөм сөздүн ар түрдүү маанилери, искусствонун ыргагы менен боёктору, үндүн палитрасы да ишке чегилген. Ой

жүгүртүүсүн активдештирүүчү суроо – тапшырмалар, интерактивдүү ыкмалар, жеке чыгармачылыгын талап кылуучу иштин формалары да ачык көрсөтүлгөн. Ушул иштердин топтому атайын иштелме түрүндө мугалимдерге да сунушталып, практикада колдонулуп келе жатканы кубаттоочу көрүнүш. Мугалим ар бир иштин формасын, мазмунун жана багытын жеке чыгармачылыгына жараша тандап алаары бышык, бирок бул иш практик мугалимдин иш тажрыйбасынын негизинде жазылгандыктан, мектеп практикасына абдан зарыл иш деп эсептеймин. Жогоруда айтылган айрым техникалык каталарды оңдоп, дагы бир сыйра карап чыкса, эмгектин баалуугу артат. Мен бул диссертациялык ишти коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Абдиева К.А: Ракмат, Сизге.**

**Төрайым, ф.и.д. профессор Эгембердиева А.А:** Эмесе кымбаттуу кесиптештер, мен да өз пикиримди айтып койсом.

Диссертант илимий иштин актуалдуулугун тыкан бере алган. ”Кеп өстүрүү” түшүнүгү тууралуу алгач маалымат берет. Изилдөөчү өзү белгилегендей “жаш муундарды көркөм тексттин негизинде окутуп тарбиялоо маселесин, тексттин татаал табиятынын категориялык мүнөзүн ачуу максатында” М.М.Бахтин, Л.С.Выготский, Б.В.Томашевский, А.А.Потебня, В.Я.Пропп, В.Я.Шкловский, И.Р.Гальперин сыяктуу орус психолингвисттеринин, Ян Коменский, К.Д.Ушинский, Л.Н.Толстойдон баштап адабиятчы – окумуштууларынын кеп өстүрүү тууралуу негизги идеяларын карап чыккан. Теоретик -окумуштуулардан сырткары белгилүү орус жана кыргыз методисттеринин эмгектерин талдап чыкканы иштин тыкан, орундуу жазылган иш экендигинен кабар берет.

Кеп маданиятын, анын коммуникативдик касиеттерин жана чечендик кепке окутууга арналган теманы Т.Ашырбаев, Ж.Дүйшеев, Т.Маразыков, В.Мусаева тарабынан изилденишин айтуу менен бирге , алардын изилдөөлөрү тилдин табиятына ылайык лингводидактикалык негизде жүргүзүлгөнүн көрсөтөт. Эпосту тарыхый – философиялык багытта изилдеген окумуштуулардын эмгектерин ар тараптуу чагылдырган. Ошону менен бирге

практик мугалимдерге зор методикалык жардам болгон Д.Саалиеванын, К.Оторбаевдин жана Бектур Исаковдун эмгектерин бөлүп көрсөткөн. Кыскасы, киришүүдө иштин актуалдуулугу туура негизделип, максат – милдеттери ачык белгиленген. Иштин илимий жаңылыгы да ынандыраарлык: ”адабият таануу, психология жана педагогиканын жетишкендиктерине таянып оозеки кеп өстүрүү ыкмаларын иштеп чыктык” деп көрсөтүлгөн.

1- бапта окуучулардын кебин өстүрүү үчүн атайын сабактардын зарыл же зарыл эместиги тууралуу ача пикирлерден тартып, кеп өстүрүүнүн когнитивдик, жүрүм – турумдук жана баалуулук милдеттери илимпоздордун пикирлерине таянып берилет. Кеп өстүрүүнүн окумуштуу – методисттер көрсөткөн принциптеринен сырткары “Манас” эпосу боюнча оозеки кеп өстүрүүдө диссертант бир нече принциптерди сунуштайт. Мунун өзү диссертант Манас дүйнөсүн, окутуунун методикасын абдан мыкты түшүнгөндүгүн, билгендигин көрсөтөт. Орус окумуштуу- методисттеринин критерий -сунуштарын, тажрыйбаларын кыргыз адабиятын окутууга алып келип, ага толуктоолорду киргизет же болбосо кайра иштеп чыгат. Тилди эпостогу көркөм каражаттары менен байытууга келгенде кыргыз акындары да эпостун тилине кайрылып келишкен. Мисалы, акын Роза Карагулова эжебиз “Гүлүстөн” – жигит деген сөздү өз поэзиясында пайдаланган. Ушундай сөз катмарын окуучуларга жеткирүүдө практикалык ыкмаларды ырааттуу көрсөтүп берген. Монологдук кеп, полилогдук кеп, репродуктивдүү же продуктивдүү айтып берүү болсун ар биринин чечмеленишин так. Диссертант терминология менен да тыкан иштей тургандыгын көрүүгө болот. Ал илимий булактарга гана эмес, өзүнүн педагогикалык тажрыйбасына да таянып жаткандыгы талашсыз. Демек, мугалим сабакты да так ушундай майдалап, чечмелеп түшүндүрөт, дүңүнөн берүү же жөн айтып койгон учуру жок. Диссертациянын мазмуну абдан маалыматтуу, диссертант темасын абдан мыкты билет. Бул жыйынтыктар оозеки кептин окуу программаларында, окуу китептеринде жана мугалимдердин иш тажрыйбасында берилишин талдоодо да көрүнөт. Эпосту окутуудагы жетишкендиктер менен катар кемчиликтерди

да реалдуу ачып берген. 3- бапты берүүдө диссертант Ч.Валихановдун " улуу эпоско ар тараптуу мамиле кылуу" зарылдыгын эске алгандай таасир берет. Анткени "Манас" эпосун кайсы учурда жана кантип искусство чыгармалары менен, сөздүк иштери менен жана интерактивдүү методдор менен айкалыштырып окутабыз деген суроого жооп берет. Диссертациянын ичиндеги таблица, сүрөттөр да орундуу берилген. Алар илимий иштин мазмунун ачыктап, толуктап турат деп ойлоймун. Мен диссертациялык ишти колдоймун жана коргоого сунуш кыламын.

**Төрайым, ф.и.д. профессор А.А.Эгембердиева :** Эгерде башка ой-пикирлер жана сунуштар, суроолор жок болсо талкууну токтотуп, диссертантка сөз берсек.

**Диссертант Абдиева К.А.**: Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, сиздер айткан сын – пикир, сунуш – пикирлер үчүн ыраазычылык билдиремин, айтылгандардын баарын эске аламын. Убактыңыздарды бөлүп, диссертациябызды окуп, баалуу пикириңиздерди, сунушуңуздарды айтканыңыздар үчүн чоң рахмат.

**Төрайым, ф.и.д. профессор А.А.Эгембердиева:** Башка пикирлер жок болсо Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын "Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү" деген темада -13.00.02 окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоонун жыйынтыгы боюнча бүгүнкү отурумдун токтомунун долбоору менен тааныштырып коюуга уруксат этиңиздер (корутундунун жана токтомдун долбоору окулат).

Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын **"Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү"** деген темада -13.00.02 окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн коргоого коюлган диссертациясы боюнча

И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын отурумунун

## Корутундусу

**I. Диссертациянын актуалдуулугу болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

"Манас" эпосунун жогорку деңгээлдеги көркөм – идеялык баалуулугу жаш муундарды окутуп – тарбиялоо ишинде ар дайым актуалдуу болуп келген. Диссертант эпостун бай материалына таянып окуучулардын көркөм сөз каражаттарын терең өздөштүрүү, искусствонун башка түрлөрү менен интеграциялоо жана текстке таянуу менен кептин формаларын, типтерин оозеки түрүн өнүктүрүү ыкмаларын алдыңкы методикалык ыкмаларга, практикалык иштердин негизинде иштеп чыккан. Азыркы учурда ар бир инсан үчүн маанилүү болгон оозеки сүйлөй билүү, өз оюн башкаларга жеткире алуу, далилдеп берүү жана башкалар менен баарлаша билүү көндүмдөрүн калыптандыруу сыяктуу теманы эпикалык чыгарманын көркөм материалдарынын негизинде ачып берген.

**II. Илимий иште төмөнкүдөй анык натыйжалар алынган:**

**1.** Кеп өстүрүү маселесинин тарыхый – эволюциялык планда дүйнөлүк жана орус психолингвисттери, окумуштуу – методисттери жана педагогдору тарабынан изилдениш тарыхы талданып, жыйынтыкталган. Кыргыз окумуштуу – методисттеринин тематикалык изилдөөлөрүнө кайрылып, теориялык маселелердин маанисине ылайык тиешелүү жыйынтыктар жасалган.

**2**. Адабият таануу, адабий сын жана чечендик кептин таасири астында калыптанган адабият сабагында кеп өстүрүү маселесинин программада, окуу китептеринде орун алуу тарыхы, азыркы учурдагы мектеп практикасында кеп өстүрүү сабактарынын жетишкендиктери жана кемчиликтери, анын азыркы учурдагы максаттары менен милдеттери такталган.

**3**.”Манас” эпосунун материалдарынын негизинде сөздүк иштеринин натыйжалуу ыкмалары, сөз оюндарын жана сөздүк таблицаны колдонуу менен окуучулардын сөздүк корун байытуу, искусство чыгармаларын эпосту окутуу сабактарына интеграциялоо аркылуу баланын көркөм ой жүгүртүүсүн активдештирүү, текст менен иштөө, сабакты жыйынтыктоо учурунда кептин монологдук, диалогдук жана полилогдук формаларын айкалыштыруу, окутуунун активдүү ыкмаларын пайдалануу жана класстан сырткары иштерде баланын жеке чыгармачылыгын, тилдик кызматташуусун өнүктүрүүчү оозеки кептин формаларын жана ыкмаларын сунуштайт.

**4**. Эпостун негизинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү иштери теориялык жактан негизделип, тилдин коммуникативдик принцибин, адабиятты башка предметтер , искусствонун башка түрлөрү менен интеграциялоо принцибин , текстке таянуу же эпикалык чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүн эске алуу менен, тилдик бай каражаттарын пайдалануунун негизинде натыйжалуу методикалык ыкмалар иштелип чыккан.

**III.** Белгиленген теориялык- методикалык натыйжалар практикалык жактан эксперимент түрүндө текшерилген жана алынган теориялык жоболорго шайкеш келет.

**IV. Практикага киргизүү үчүн сунуш:** Изилдөө ишинин жыйынтыктары орто мектептер үчүн окуу китептерин түзүүдө, манастаануу курсун окутууда лекциялык материал катары пайдаланууга болот. Тема боюнча диссертант мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, методикалык иштелме жана орто мектептин 5 -9 – класстары үчүн окуу хрестоматиясын түзүп практикага сунуштаган.

**V.** Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын **“Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү”** деген темада -13.00.02 окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн коргоого коюлган диссертациялык иши КР нын

Жогорку Аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражасын берүү боюнча жобосунун 10 -пунктунун талаптарына туура келет.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: 12 макул, каршы, калыс – жок. Эгерде толуктоо - кошумчаларыңыздар жок болсо, токтомду бекитип коёлу.

**Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын отуруму**

**токтом кылат:**

1. Абдиева Курманкан Абдрасуловнанын “Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү” деген темадагы 13.00.02 окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коюлган талаптарга толугу менен жооп берет деп эсептелсин. Диссертант талкууда айтылган сунуш пикирлерди, техникалык каталарды эске алсын.

2. К.А.Абдиеванын “Манас эпосун окутуу процессинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү” деген темадагы 13.00.02 окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши тиешелүү диссертациялык кеңешке сунушталсын.

**Төрайым, ф.и.д. профессор** **А.А.Эгембердиева**

**Катчы, ф.и.к.** **А.Мокеева**